**“БЕКИТЕМИН”**
**И. Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университетинин ректору, профессор**
**_________М.Дж. Джаманбаев**
**“ 19 ” ____02______2016-жыл**

**08.00.05 – «Экономика жана эл чарбасынын башкаруу» адистиги боюнча экономика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган Ош Мамлекеттик Университетинин изденүүчүсү Токоева Ажар Батырбековнанын “Рынок мамилеринин шартында айыл чарбасын башкарууну тескөө механизмин өркүндөтүү (Түштүк региону боюнча)” аттуу темадагы диссертациялык ишине жетектөөчү уюмдун**

**ПИКИРИ**

**1. Теманы изилдөөнүн актуалдуулугу.** Учурда айыл чарбасындагы ишканаларды рынок мамилелерине ылайык башкаруу жана анын натыйжалуулугун жогорулатуу КМШ өлкөлөрү, анын ичинде Кыргызстан үчүн чоң мааниге ээ. Башкаруунун заманбап ыкмаларын колдонуудан башкарууну жаратылыш климаттык шарттардын өзгөчөлүгүнөн, айылдык жашоочулардын менталитетин жана башкаларды эске алуудан натыйжалуулуктун көлөмү аныкталат. Ошондуктан экономикалык жактан өз алдынчалыкка ээ болгон, өзүнүн чарбалык ишмердүүлүгүнүн жыйынтыгына толугу менен жооп берүүгөн ишкана товардык – акча мамлелеринин объектиси болуш үчүн, ага туруктуу социалдык – экономикалык жагдайды камсыз кыла турган башкаруу механизимин түзүү керек.

Агрардык ишканалардагы башкаруу системасынын өнүгүшү менен чарбалык ишмердүүлүктүн бардык функцияларын эске алуучу, рыноктун шарттарына ылайыкташкан ишкананын иштөө усулун так белгилей турган “чарба жүргүзүүнүн экономикалык механизими” терминин “башкаруунун рыноктук механизми” терминине алмаштыруу зарылчылыгы келип чыкты.

Рыноктук экономикалык башкаруу механизми ишкердүүлүктүн өсүшүнө өбөлгө түзө турган ресурстарды натыйжалуу пайдаланууга, ишкананын экономикалык жоопкерчилигин көтөрүүгө шарт түзөт.

Бирок бул маселе олуттуулугуна карабастан, кечендеп чечилүүдө, чечилсе да алгылыктуу натыйжа бербей жатат. Рыноктук башкаруунун кээ бир негизги масалелери боюнча изилдөөчүлөр бирдей көз караште эмес, ошондуктан агрардык ишканаларды башкарууга байланышкан экономикалык изидөөлөрдүн ролу методикалык жактан да, ошондой эле, практикалык жактан да чоң мааниге ээ.

Айыл чарба ишканаларын башкаруунун негиздерине жалпы башкаруу теориясынын фундаменталдуу принциптери жана ыкмалары кирет. Алардын негизгилери болуп башкаруу чечимдерин кабыл алуу, башкаруудагы буйруктарды аткаруучуларга жеткирүү, башкаруу командасын аткаруу жана көзөмөл процесстери эсептелет. Ошону менен бирдикте айыл чарба ишканаларын башкарууда экономиканын агрардык секторуна таандык болгон өзгөчөлүктөрдү эске алуу керек.

Айыл чарбасын жүргүзүүдөгү негизги өзгөчөлүктөрдөн болуп анын сезондук мүнөзү, дыйканчылык менен мал чарбачылыкта жаратылыштын жана аба-ырайынын чоң таасирин көрсөтүшү, дыйканчылык жана мал чарбачылыкты жүргүзүүдөгү мейкиндиктин б.а. чарбанын жер жерлерге жайланышы ж.б. айтсак болот. Дагы бир өзгөчөлүк бул айыл чарбасы экономиканын башка секторлор менен, алардын ичинен өзгөчө өнөр жайдын кайра иштетүү сектору, соода сатык рыногу, өндүрүштүн жана социалдык инфраструктура объекттери менен байланышын айтсак болот. Мунун бардыгы айыл чарбасын башкарууда жана чарбачылыкты жүргүзүүдө өз таасирин берип, бири-бирине болгон өз ара сунуштарды жана талаптарды эске алуу менен айыл чарбасынын ишканаларын эффективдүү иштөөчү моделин түзүүгө көмөктөш болот.

**2. Диссертациялык кеңешке коргоону өткөрүү укугун берүү үчүн аталган иштин адистикке дал келүүсү.**

“Рынок мамилеринин шартында айыл чарбасын башкарууну тескөө механизмин өркүндөтүү (түштүк региону боюнча)” деген темада сунушталган кандидаттык диссертация Ведомстволор аралык К.08.15.510 Диссертациялык кеңештин багытына дал келет.

Диссертациялык иште агрардык экономикалык системаны башкарууну тескөө механизминин теориялык негиздери, чарба жүргүзүүнүн рыноктун шартында башкарууну тескөөнү уюштуруу негиздери жана проблемалары, айыл чарбасын жөнгө салуу механизминин структуралык - функционалдык анализи, агрардык өндүрүштү башкарууну тескөөнү маалыматтык камсыздоо жана өндүрүштү алдын ала болжолдоо жолдору сунушталган.

**Диссертациялык изилдөөнүн максаты** рынок мамилеринин шартында айыл чарбасын башкарууну тескөө механизмин өркүндөтүү боюнча илимий жактан негизделген сунуштарды иштеп чыгуу жана сунуштоо.

Алдыга коюлган максаттарга жетүү үчүн төмөнкүдөй милдеттер аныкталган:

-рынок шартында айыл чарбасын башкарууну тескөөнү өркүндүтүүнүн теориялык аспектилерин жалпылоо;

-теориялык жана методикалык аспектилерде башкарууну тескөөнүн жалпы позициясын жана ошондой эле айыл чарба өндүрүшүнүн өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен айыл чарбасын башкарууну тескөө механизминин өнүгүшүнүн чечүүчү негизги мыйзам ченемдүүлүктөрүн аныктоо жана негиздөө;

-айыл чарба ишканаларын башкаруунун рыноктук структуурасын негиздөө;

-башкарууну тескөө механизминин рыноктук экономикалык моделин иштеп чыгуу;

-региондук башкаруу органдарын өркүндөтүү;

-структуралык – функционалдык талдоонун (анализдин) негизинде



29

айыл чарба өндүрүшүнүн өзгөчөлүктөрүнө ылайык, башкаруунун функцияларынын курамын, алардын өз ара байланыштарын жана мазмунун аныктоо;

- башкаруу механизминин маалыматтык системасынын элементтеринин жалпылоочу жана интеграциялоочу мүнөзүнүн, маанисинин жана ордунун объективдүү зарылдыгын негиздөө жана анын өзгөчөлүктөрүн айыл чарба ишканаларына ылайыкташтырып изилдөө;

- агрардык өндүрүштү башкарууну тескөөдө болжолдоонун маанисине жана ордуна баа берүү, аны системалык түрдө ишке ашыруу үчүн методологиялык жоболорун негиздөө жана түзүп чыгуу;

-рынок экономикасынын шарттарында айыл чарба ишканаларын натыйжалуу башкарууну маалыматтар менен камсыз кылуунун жолдорун тактап көрсөтүү жана аныктоо, ошондой эле анын маселелерин изилдөө.

**3. Диссертациялык изилдөөнүн темасынын актуалдуулугу.**

Агрардык өндүрүштү башкарууну тескөө механизмдерин өркүндөтүү маселесине түздөн - түз байланышы бар, келечекте агрардык өндүрүштү өнүктүрө турган приоритеттик негизги маселелер төмөнкүлөр:

- өнүгүүнүн инновациялык жолуна акырындап өтүү менен өндүрүштүк потенциалды натыйжалуу пайдалануу. Агрардык өндүрүштүн натыйжалуу өнүгүүсүнүн негизги шарты жаратылыштык, материалдык, финансылык, эмгек жана башка ресурстарды натыйжалуу пайдаланууну уюштуруу жана башкаруу болуп саналат;

- айыл чарба өндүрүшүнүн натыйжалуу уюшулган экономикалык моделин, башкача айтканда, чарба жүргүзүүнүн прогрессивдүү формаларын өздөштүрүү;

- регионду, аймактык адистешкен айыл чарба зоналарына бөлүштүрүүнү уюштурууну өркүндөтүү. Бул маселе өндүрүштү, жер жана эмгек ресурстарын натыйжалуу пайдаланууну уюштуруу, өндүрүшкө салынган каражаттардын кайтарымдуулук жана өнүгүүнүн перспективалуулук критерийи боюнча дыйканчылык менен мал чарбачылык тармагын

адистептирүүнү жана туура жайгаштырууну уюштуруу аркылуу ишке ашат;
- агрардык өндүрүшкө кооперация жана интеграция принциптерин практика жүзүндө ишке киргизүү, буга карата башкаруу принциптери да өркүндөйт. Экономиканын азыркы шартында өндүрүштү уюштурууда жана жөнгө салууда, анда болуп жаткан өзгөрүүлөргө өзгөчө жана ыкчам реакция берүүчү жаңы мамилелер менен ыкмалар керек. Андыктан өндүрүштү уюштурууну жана жөнгө салууну өркүндөтүүнү гана талап кылбастан, алардын абалын максатка багытталган, үзгүлтүксүз, кайталангыс жана мыйзам чегиндеги сапаттуу өзгөртүү процессинин өнүгүүсүн камсыздоо зарыл.

**4. Диссертациялык изилдөөнүн илимий жаңылыгы.**

Диссертациялык изилдөөнүн негизги илимий жаңылыгы – агрардык экономикалык системаны башкаруу механизминин иштөөсүнүн жана өнүгүүсүнүн теориялык жана методологиялык жоболорун өркүндөтүү жана жалпылоо, ошондой эле коомдун керектөөсүнүн, илимий техникалык прогресстин жетишкендиктеринин деңгээлине жооп берүүчү башкаруу инструменттерин түзүү жана натыйжалуу колдонуу.

Диссертацияны коргоого алып чыгуучу негизги илимий жаңылыктар төмөнкүлөр:

-башкаруунун натыйжалуулугун өркүндөтүүчү рыноктук механизминин өзгөчөлүктөрүнө тиешелүү теориялык жоболор жалпыланды;

- айыл чарба өндүрүшүнүн өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен маалыматтык жана интеллектуалдык ресурстарды натыйжалуу пайдаланууну жогорулатуунун негизинде, айыл чарбасын башкаруу механизминин өнүгүшүнүн чечүүчү негизги мыйзамченемдүүлүктөрүн жана негизги багыттарын теориялык жактан негиздөөлөр өркүндөтүлдү;

-агрардык ишканаларды башкаруунун рыноктук структуурасынын концептуалдык схемасы негизделди;

-башкарууну тескөө механизминин рыноктук модели сунушталды;



81

-региондук башкаруу органдарын өркүндөтүү боюнча жоболору иштелип чыгылды жана сунуштар берилди;

- Айыл чарбасын башкарууну тескөө механизминин маалыматтык система бөлүктөрүнүн түзүлүшүнүн методологиялык негизи түзүлүп жана анын интеграциялоочу жана жалпылоочу мааниси аргументтештирилди;

- Айыл чарбасын башкарууда болжолдук байкоо жүргүзүүнүн (прогноздук мониторингдин) мааниси жана орду аныкталды жана ошондой эле аны көзөмөлдүк - изилденүүчүлүк жолу менен, аны ишке ашыруунун методологиялык жоболору иштелди;

- сезондук жалпы индикаторлордун спектринин негизинде, башкаруунун кээ бир функцияларын (болжолдоону, пландоону, көзөмөлдөөнү, талдоону жана оперативдик башкарууну) ишке ашырууда, агрардык өндүрүштүн сезондук ыкмасын алгоритмдештирүү жана аны апробациялоо (колдонуу) сунушталды.

**5. Изилдөөчү тарабынан диссертациялык иште келтирилген жыйынтык жана бүтүмдөрдүн негиздүүлүк жана аныктык даражасы.**

Диссертациялык иштин жыйынтыктары жана бүтүмдөрү негизделүү жана аныкталуу менён, рынок экономикасынын шарттарында айыл чарбасын башкарууну тескөө механизмин өркүндөтүү боюнча жазылган ата мекендик жана чет өлкөлүк окумуштуулардын илимий негизделген эмгектери менен тастыкталган. Изилдөөчү тарабынан диссертациялык иште каралган маселелерди чечүүдө экономико-статистикалык, аналитикалык, эсептик-конструктивдик, жана башка ыкмалар колдонулган.

Изилдөөнүн жыйынтыктары анык сунуштар жана корутундулар менен тастыкталган.

**6. Изилдөөчү тарабынан диссертациялык иште каралган жыйынтыктардын жана бүтүмдөрдүн илимий жаңылык даражасы.**

Диссертациялык иште автор алгачкылардан рынок мамилеринин шартында айыл чарбасын башкарууну тескөө механизмин өркүндөтүү көңүл бөлгөндүгү анын жаңылыгын белгилейт. Регионалдык деңгээлде айыл чарба



82

өндүрүшүн башкаруу тескөөгө байланышкан агрардык ишканалардын өзгөчөлүктөрүн изилдөөнүн жыйынтыгы боюнча өндүрүштү башкарууну тескөө механизминин илимий жактан негизделген багыттарын жана жолдорун толук аныктоо боюнча концептуалдык бүтүмдөр иштелип чыккан жана сунушталган.

Диссертациялык иштин жыйынтыктары илимий түрдө негизделинген.

**7. Каралган актуалдуу көйгөйлөрдү, теориялык жана колдонмо маселелерди чечүүдө алынган жыйынтыктардын ички биримдигин жана багыттуулугун баалоо.**

Рынок мамилеринин шартында айыл чарбасын башкарууну тескөө механизмин өркүндөтүү багытында жүргүзүлгөн диссертациялык иштин максаттары, милдеттери, көйгөйдүн абалы, изилдөө багытынын негиздүүлүгү, маселелерди чечүүнүн ыкмалары, теориялык жана методикалык эсептөөлөр ишенимдүү калыптанган жана так аткарылган. Изилдөөнүн жыйынтыктары биримдиктүү байланышта болуп, теориялык жоболор менен тастыкталган практикалык сунуштар айыл чарбасын башкарууну тескөөнүн учурдагы тенденцияларын чагылдырат.

Жыйынтыктар коюлган маселелерди чечүүгө багытталган комплекстик изилдөөлөрдүн, теориялык жана методологиялык жалпылоолордун негизинде алынган.

**8. Изилдөөнүн практикалык маанилүүлүгү.**

Изденүүчү А.Б.Токоеванын диссертациялык ишинде иштелип чыккан негизги теориялык жоболор, методологиялык негиздер, жыйынтыктар менен сунуштар рынок мамилеринин шартында айыл чарбасын башкарууну тескөө механизмин өркүндөтүү сунушталган. Практикалык жыйынтыктар Башкарууну тескөө механизминин жоболорун изилдөө, түрдүү формадагы жана типтеги агрардык ишканалардын башкаруу системасынын түзүү, өндүрүштүк өсүү практикасында илимий изилдөө процесстерине колдонууга мүмкүнчүлүк берет. Болжолдун системасын камсыз кылууга багытталган методологиялык жоболордун комплекси практикалык мааниге ээ.



83

Өндүрүштүн вектордук критериясынынНегизинде жыйынтыктоодо жана колдонуунун байланышкан изилдөөлөр, агрардык экономикалык системаны башкаруу ыкмалардын системаллаштыруунун ишке ашырууну камсыздоого багытталган.

**9. Экономикалык маанилүүлүгү.** Жүргүзүлгөн изилдөөлөрдүн жыйынтыктары агрардык ишканалардын интеллектуалдык жана маалымат ресурстарынын кайтарымдуулугун максималдаштыруу максатында, башкаруунун формалдык жана формалдык эмес методдорунун (ыкмаларынын) композициясын бир багытка максат коюп түзүүдө жана натыйжалуу пайдаланууда база катарында кызмат кылат.

Агрардык ишканаларды башкаруунун маалыматтык базасы жана көрсөткүчтөр системасы менен болжолдоонун маселелерин чечүүдө кошуп алганда, башкарууда моделдештирүүнү системалдаштырууну ишке ашыруу методологиясын региондордо иштеп чыгуу түздөн - түз практикалык мааниге ээ. Ошондой эле райондук, шаардык, облустук жана республикалык көп жылдык стратегиялык пландарды түзүүдө колдонууга сунушталган.

**10. Диссертациялык иштин негизги жоболорун, жыйынтыктарын жана бүтүмдөрүн жарыялангандыгын тастыкталышы.**

Изилдөөнүн негизги жоболору жана жыйынтыктары боюнча ар кандай семинарларда, илимий – практикалык конференцияларда билдирүүлөр жасалып, талкууланган.

Жүргүзүлгөн илимий изилдөөнүн жыйынтыгында 7 илимий эмгек жарыяланган. Диссертациялык изилдөөнүн негизги жоболору жана жыйынтыктары эл аралык жана республикалык илимий-практикалык конференцияларда, семинарлардажана ошондой эле, илимий популярдуу журналдарда, монографияларда каралган.

Изилдөөчүнүн жарыяланган макаларынын тизмеси Кыргыз Республикасынын Жогорку Аттестациялык Комиссиянын "Илимий наамдарды ыйгаруу тартиби жөнүндөгү" Жобосуна жооп берет.



84

**11. Авторефераттын диссертациянын мазмуну менен дал келүүсү.** Автореферат диссертациянын мазмунуна, изилдөөнүн максаттары жана милдеттерине толугу менен дал келет. Автореферат кыргыз, орус жана англис тилдериндеги бирдей резюмеге ээ.

**12. Диссертациянын мазмунундагы жана жасалгалоосундагы кемчилдиктер.**

Жогоруда көрсөтүлгөн оң жактары менен бирге диссертациялык иштин төмөнкүдөй кемчилдиктери аныкталды:

1. Экинчи бапта агрардык экономиканы башкаруу механизмин анализдөөдө практикалык материалдарды көбүрөк пайдаланса болмок.
2. Изилдөөнү жүргүзүүдө экономикалык – математикалык ыкмаларды мындан да кеңири колдонулса, иштин сапаты жогоруламак.
3. Эмгекте грамматикалык жана стилистикалык каталар кездешет.

Ошого карабастан, аталган кемчилдиктер диссертациялык изилдөөнүн жалпы баалуулугуна таасирин тийгизбейт.

**13. Диссертациялык иштин “Илимий наамдарды ыйгаруу тартиби” жөнүндөгү Жобонун 3.2-3.14 бөлүмдөрүнүн талабына туура келүүсү.**

Диссертациялык иштин структурасы, мазмуну илимий жоболорду чагулдырат, изилдөөнүн жыйынтыктары жана анын жасалгалоосу Кыргыз Республикасынын Жогорку Аттестациялык Комиссиясынын талаптарына жооп берет.

Жетектөөчү мекеме аткарылган диссертациялык ишти карап чыгып, А.Б. Токоеванын “Рынок мамилеринин шартында айыл чарбасын башкарууну тескөө механизмин өркүндөтүү (Түштүк региону боюнча)” деген темада сунушталган кандидаттык диссертациясын “Илимий наамдарды ыйгаруу тартиби” жөнүндөгү Жобонун 3.2-3.14 бөлүктөрүндө келтирилген кандидаттык диссертацияларга коюлган талаптарга жана адистиктин паспортуна толук жооп бергендигин тастыктайт.

Ал эми анын автору Токоева Ажар Батырбековнага 08.00.05 -



85

Экономика жана эл чарбасынын башкаруу адистиги боюнча (АӨЖКинин жана айыл чарба экономикасы) экономика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын айгарууга татыктуу.

Диссертациялык иш И.Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университетинин Экономика жана бизнес кафедрасынын «12» февраль 2016-жылы болуп өткөн кеңейтилген кеңешмесинде каралды жана жактырылды. (токтом № 7 ).

**Кеңейтилген отурумдун төрайымы э.и.к., проф.:** **Жума кызы Раиза**

**Кеңейтилген отурумдун катчысы:** **Кенжебаева Д.**

Жума кызы Раизанын колтамгасын күбөлөйм